

# Саримсаков Адилкан Азимжанович

1957-жылы 15-августта Ош областынын Өзгөн районунун Жалпак –Таш айылында туулган. 1974-жылы орто мектепти аяктап, 1975-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун (ОшМУ) физика-математика факультетинин физика адистигине тапшырып, аны 1979-жылы ийгиликтүү бүтүргөн.

1980-1981- жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1986-1989-жылдары Ташкент мамлекеттик техникалык университетинде аспирантурада окуп 1992-жылы «Техникалык илимдеринин кандидаты» илимий даражасы ыйгарылган. Кыргыз Республикасынын жогорку Аттестациялык комиссиясы тарабынан 2000-жылы «Электроника» адистиги боюнча доцент илимий наамы берилген.

Саримсаков Адилкан Азимжанович эмгек жолун 1979-жылы Ош областынын Өзгөн ройонундагы үлгүлүү орто мектебинде физика, математика сабактарынан мугалим болуудан баштаган. 1980-жылы ОшМУнун физика-математика факультетинин жалпы физика кафедрасында лаборант, 1983-жылы Фрунзе политехникалык институнун Оштогу кечки факультетинде «Жалпы билим берүүчү дисциплиналар» кафедрасында окуу мастери, 1990-жылы окутуучу, ошол эле жылы “Электроника жана эсептөө техникасы” кафедрасына кафедра башчысынын милдетин аткаруучу, 1994-жылы кафедра башчысы, 1997-жылы “Электроника жана өлчөө техникасы” кафедрасынын башчысы кызматтарда иштеген.

1999-жылы Кыргызстан Эл аралык университетинин Оштогу филиалынын Табигый-экономикалык факультетинин деканы, 2001-жылы Жалал-Абад мамлекеттик техникалык институтуна окуу, тарбия иштери боюнча проректор болуп дайындалган. 2003-жылы Ош мамлекеттик университетинин “Техникалык дисциплиналар” кафедрасынын башчысы, 2007-жылы ОшТУнун “Информатика” кафедрасынын башчысы жана 2010-жылдан баштап 2021-жылга чейин Табигый-техникалык” факультетинин деканы кызматында эмгектенген.

Ош ТУнун материалдык-техникалык базасын чыңдоодо жана жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодо салымы чоң. Илим изилдөө багытында

бир илимдин кандидатын даярдап, 60 тан ашуун илимий эмгектери басмадан чыкты. Анын ичинен 55и илим изилдөө, 6 эмгеги окуу-усулдук колдонмолор.

Саримсаков А.А. ОшТУда окутуучу, кафедра башчысы, декан болуп 40 жылдан ашуун иштеди.А.А.Саримсаковдунжетекчилигименен кандидаттык диссертация жакталды (Мойдунов Т.Т.)ОшТУнунматериалдыктехникалыкбазасын түптөөдө «Катуутелолордунфизикасы» лабораториясы (1984), «Электротехникалыкматериалдар» (1990-ж.), «Электроника» жана «Метрология жанаэлектрдикөлчөө» (1994-1996-жж.) лабораторияларын, «Компьютердинархитектурасы» (2017-ж.) кабинеттерин түзүүгөсалым кошту.

ОшТУда жогорку клавификациялуу «Электр менен жабдуу», «Эсептөө техникаларын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо», «Байланыш түйүндөрү жана коммуникация системалары», «Колдонмо информатика» адистиктерин (бакалавр багыттарын) даярдоодо салымы чоң жана жогорку сыйлыктарга татыктуу болду. Билим берүү жана илим министрлигинин «Ардак грамотасы» (1999-ж.), КР транспорт жана коммуникациялар министрлигинин «Ардак грамотасы» (2006), Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «Билим берүү отличниги» төш белгиси (2008), Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын мэриясынын «Ардак грамотасы» (2014-ж.), Кыргыз Республикасынын өкүмөтүнүн алдындагы мамлекеттик байланыш агентигинин «Ардак грамотасы» (2014-ж.), «Эмгек сиңирген үчүн» Ош технологиялык университетинин юбилейлик медалы (2014-ж.), Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы (2019-ж.) менен сыйланган.

Саримсаков А.А. илимпоздорду даярдоо багытында да изденүү менен иш алып барууда. Бүгүнкү күндө анын жетекчилиги алдында бир аспирант кандидаттык окумуштуулук даражасын жана үч магистрдик диссертация коргошуп, жыл сайын өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүдө чоң практикалык мааниге ээ болгон дипломдук жана курстук иштер корголууда.

Саримсаков А.А. өзүнүн кесипкөйлүгү, демилгечилиги, өз кызматтык милдетин абийирдүү жана жоопкерчиликтүү аткара билгендиги менен жалпы эмгек жамаатында жана окумуштуулар чөйрөсүндө чоң абройго ээ боло алды.

Саримсаков А. А. кесиптик милдеттеринен сырткары коомдук иш-чаралардын активдүү катышуучусу катары таанымал. Ал Ош шаарында участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы, мүчөсү болуп бир топ жыл так жана таза иштеди.

Азыркы учурда Ош технологиялык университетинин Табигый-техникалык факультетинин информатика кафедрасынын профессору кызматын аркалоодо.